DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

*Жаанбаева Ч.К., Матанов Б.*

# ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК АКТЫЛАРДЫ ИШКЕ АШЫРУУДАГЫ КОНФЛИКТТЕР ЮРИДИКАЛЫК КОНФЛИКТТИН ЭН МААНИЛҮҮ БӨЛҮГҮ КАТАРЫ

*Жаанбаева Ч.К., Матанов Б.*

# КОНФЛИКТЫ В РЕАЛИЗАЦИИ НОРМАТИВНО-ПРАВОВЫХ АКТОВ КАК ВАЖНЕЙШАЯ ЧАСТЬ ЮРИДИЧЕСКОГО КОНФЛИКТА

*Ch.K. Jaanbaeva, B. Matanov*

# CONFLICTS IN THE IMPLEMENTATION OF LEGAL ACTS AS THE MOST IMPORTANT PART OF A LEGAL CONFLICT

*УДК: 342.52*

*Коомдогу өнүгүүнүн натыйжасы жана коомдогу ар кандай социалдык топтордун болушу кызыкчылыктардын көбөйүүсүнө алып келет. Ал кызыкчылыктарды кагылыштырбай ортомчулук кылуучу арбитр бул мамлекет. Мамлекет коомду башкарууда атайын куралдарды колдонот. Алардын ичинен негизиги куралы, укуктук жөнгө салуу. Жогоруда укуктук жөнгө салууда ченемдик-укуктук актылар колдонулат деп белгиледик. Демек, укуктук актыларды кабыл алуу мамлекеттин маңызы менен түздөн-түз байланышкан. Жогоруда айтылгандай, коомдогу ар кандай топтордун кызыкчылыгын канааттандыруу максатында укуктук актылар абдан көп талап кылынат, ошого ылайык көп кабыл алынат. Натыйжада, кайсыл бир ченемдик-укуктук акт башка укуктук актынын ченемине каршы келип калуусу мүмкүн. Мындай кагылышууну биз бир гана мыйзам менен чектебешибиз керек. Анткени, мыйзамдан бөлөк укуктук актылар мисалы, указ, буйрук, токтом ж.б. дагы бири-бирине каршы келип калат.*

***Негизги сөздөр:*** *ченемдик-укуктук актылар, конституция, укук, юридикалык конфликт, укуктук нигилизм, укукту жөнгө салуу, мейкиндик, убакыт, жаран.*

*Результат развития в обществе и наличие в обществе различных социальных групп приводит к увеличению интересов. Это государство выступает посредником без конфликта интересов. Государство использует специальные инструменты для управления обществом. Главный инструмент среди них - правовое регулирование. Выше мы отмечали, что нормативные акты используются в правовом регулировании. Следовательно, принятие правовых актов напрямую связано с сущностью государства. Как упоминалось выше, для удовлетворения интересов различных групп общества очень необходимы правовые акты, и, соответственно, они часто принимаются. В результате любой нормативный правовой акт может противоречить норме другого правового акта. Мы не должны ограничивать такие конфликты только законом. Это потому, что правовые акты, отличные от закона, такие как указы, приказы, постановления и т.д. больше будут противоречить друг другу.*

***Ключевые слова:*** *нормативно-правовые акты, конституция, право, юридический конфликт, правовой нигилизм, правовое регулирование, пространство, время, гражданин.*

*The result of development in society and the presence of different social groups in society leads to an increase in interest. This is an arbitrator who mediates without a conflict of interest, this is the state. The state uses special tools to manage society. The main tool is legal regulation. They noted that the above-mentioned legal regulation applies normative legal acts. Consequently, the adoption of legal acts is directly related to the essence of the state. As mentioned above, legal acts are very much in demand and, accordingly, are often adopted in order to meet the interests of various groups in society. As a result, a normative legal act may contradict the norms of another legal act. We should not limit such a clash to one law. For example, a decree, order, decree, etc. b. another one will contradict each other.*

***Key words:*** *regulatory legal acts, constitution, law, legal conflict, legal nihilism, legal regulation, space, time, citizen.*

Конфликт *(лат.conflictus - кагылышуу)* кызыкчылыктары карама-каршы келген бир нече тараптардын өз ара байланышуусунун натыйжасында пайда болгон, негативтүү эмоциялар менен коштолгон каршылыктарды чечүүнүн курч ыкмасы. Түрдүү чөйрөлөрдө *(психология, политология ж.б.)* алардын катарында юриспруденциядадагы колдонулат.

Юридикалык конфликт – укуктун нормасы боюнча түшүнүктөрү жана аракеттери дал келбеген укуктун субъектилеринин өздөрүнүн юридикалык статусун өзгөртүү максатында карама-каршылыгы.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Нормативдик-укуктук актылардын (мыйзамдын) аракеттенүүсүнүн багыттары кандай болсо, ошол сыяктуу эле укуктук карама-каршылыктар үч чекте аракеттенери адабияттарда көрсөтүлөт [1, 19-24-бб.].

1) Мейкиндикте;

2) Убакытта;

3) Бир системанын ичинде;

Конфликттин мейкиндиктеги чеги анын болуп жаткан аймагы менен аныкталат. Юриспруденцияда аймактын мааниси абдан чоң, өзгөчө талаш-тартыштарды чечүүдө. Себеби: тараптардын өз претензиялары менен кайсыл мамлекеттик органга кайрылуусу аймактан түздөн-түз көз каранды. Конфликттин убакыттык чеги анын башталгандан бүткөнгө чейинки мөөнөтү менен аныкталат. Юридикалык конфликттер бир тараптын же баардык тараптардын кайрылуусу менен башталып бир тараптын жеңиши менен бүтөрү анык. Көпчүлүк учурда, мыйзамдар конфликттерди чечүүнүн атайын мөөнөттөрүн көрсөтүп коет. Мисалы: жарандык иштер сотто арыз түшкөндөн баштап, үч айдын ичинде каралууга тийиш [2].

Конфликттин система ичиндеги чеги анын кайсыл чөйрөдө болгондугу менен аныкталат. Чөйрө дегенде биз, үй-бүлөөнү, коомдук уюмду, мамлекеттик органды ж.б. түшүнсөк болот. Андан сырткары, конфликттин катышуучу тараптарын ушул чектин жардамында бөлүп алабыз жана катышуучулардын санына карата анын көлөмүн аныктайбыз. Бир системанын ичиндеги чек аркылуу талаш-тартышка мүнөздөмө беребиз (үй-бүлөлүк, кылмыш-жаза, эмгектик ж.б.).

Юридикалык конфликттери түрлөргө бөлүү ар кандай критерийлердин негизинде жүргүзүлөт.

1) Катышуучулардын сандык көптүгүнө карай: а) жөнөкөй; б) татаал;

2) Укуктун тармактык принциптерине карай: а) Жарандык, б) Кылмыш-жаза, в) үй-бүлөлүк, г) эмгек укуктук жана башка болуп бөлүнөт. Аталгандардын катарына: бир нече укуктун тармагын камтыгын жана эл аралык укуктук конфликттерди кошууга болот.

3) Юридикалык баа берүүсүнө карай: а) укук ченемдүү конфликт (келишимдердеги талаштар, мүлк талашуу); б) Укукка жат конфликт (бузуулар, жоруктар, кылмыштар);

4) Жүзөгө ашырылган укук нормаларынын мүнөзүнө карай:

а) тыю салуучу б) милдеттендирүүчү; в) ыйгарым-укук берүүчү;

- тыю салган нормаларды бузуу - мамлекет (мамлекеттин атынан чыккан орган) менен бузууга жол берген физикалык же юридикалык жактын ортосунда конфликтти жаратат. Мисалы: токойчу менен мыйзамсыз токой кыючунун ортосундагы конфликт.

- милдеттендирүүчү ченемдерди бузуу-мамлекет (бийлик өкүлү) менен милдетти аткарбаган физикалык же юридикалык жактын ортосунда конфликтти жаратат. Мисалы: Аскер комиссары менен кызмат өтөө милдетин аткаруудан баш тарткан жаш жарандын (ата-энесинин) ортосундагы конфликт. Эгерде бийлик өкүлү мыйзамсыз талаптарды койсо, мамлекет менен анын ортосунда конфликт жаралат.

- ыйгарым-укук берүүчү ченемдерди бузуу – ыйгарым укуктуу жак менен менен жеке жактын ортосунда конфликтти жаратат. Мисалы: мамлекеттик кызматкер өз абалынан кыянаттык менен пайдаланган учурдагы конфликт.

**Укуктук конфликт төмөнкүлөрдөн куралат:**

- нормативдик-укуктук актылардын өз ара карама-каршылыгы;

- нормативдик-укуктук актылардын нормаларынын жана аларды чечмелөөдөгү каршылыктар;

- укуктун нормасынын жана укукту ишке ашыруунун практикасындагы карама-каршылыктар;

Демек, нормативдик-укуктук актыларды ишке ашыруудагы конфликттер юридикалык конфликттердин негизиги бөлүгүн түзөт. Андыктан аталган түшүнүккө кенен токтолуп кетсек. Жарандардын укуктун ченемине ылайык жүрүм-туруму - коомдо мыйзамдуулукту камсыздайт. Бул, өз учурунда мамлекеттин укукту тартипти орнотууга багытталган негизги функциясы болуп эсептелинет. Мамлекет укук нормасын чыгаруу менен физикалык жана юридикалык жактарга-биринчиден, субъективдүү укуктарды берет; экинчиден, юридикалык милдеттерди жүктөйт; үчүнчүдөн, түрдүү тыю салууларды орнотот. Укуктарды, милдеттерди жана тыю салууларды ишке ашырууда ар бир жактын өз кызыкчылыктары болот, кээ бир мамилелерде алар дал келбей калуусу ыктымал. Ошондой эле, жеке жактардын кызыкчылыктары мамлекеттин талаптарына карама-каршы келип калуусу ыктымал. Тараптардын жогорку учурларда өз кызыкчылыктарын коргоп каршылаш болуусу укукту ишке ашыруудагы конфликти жаратат.

Укуктук кагылышуулар ар дайым терс көрүнүш катары бааланат. Буга бир нече себептер бар:

- биринчиден, укуктук карама-каршылыктар мамлекеттик институттардын жана укуктук системанын деформациясын чагылдырып турат. Тагыраак айтканда, эки мамлекттик органдын ортосундагы кагылышууну, алардын бири бирине болгон укуктук аныкталган мамилесинин камдыгын көрсөтүп турат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Ошондой эле укуктук актыларды кабыл алуудагы ишмердүүлүктүн төмөн деңгээлин айкындайт;

- экичиден, учурдагы конституциялык түзүлүштүн деңгээлин чагылдырат. Жөнөкөй сөздөр менен айтканда, мыйзамдуулук сакталган, демократиялык, укуктук мамлекеттерде коллизияларга дээрлик жол берилбейт. Болсо дагы кээ бир катачылыктардын натыйжасында келип чыгуусу мүмкүн. Жок эле дегенде, ачык конфликтер байкалбайт. Ал эми антидемократиялык режимдеги мамлекеттерде укуктук коллизиялар ачык байкалып, административдик ыкма менен чечилиши мүмкүн. Мисалы, СССР мамлекетин алып карайлы, конституциясында демократиялык, мыйзамды сыйлаган малекет катары көрсөтүлгөн. Бирок, иш жүзүндө мыйзамдардан бир партиянын же бир мамлекеттик органдын кызыкчылыгы жогору турган. Соттун чечимисиз жазалоого жол берилген [3.].

- үчүнчүдөн, мамлекеттик институттардын, укуктук системанын нормалдуу өнүгүшүнө тоскоол болот. Албетте бул, конфликт түшүнүгүнүн негизги касиети-терс көрүнүштөр менен коштолуп жүрүүсү менен түшүндүрүлөт. Мамлекеттик, укуктук институттардын кагылышуусу алдыга жылууну кечендетет. Ар кандай иш чараларды талаш тартыш менен алып барса, натыйжасы жакшы бобогону көрүнүп турган иш.

- төртүнчүдөн, коомдук аң-сезимдин бузулушуна, жыйынтыгында, укуктук нигилизмдин пайда болушуна алып келет. Укуктук нигилизм – бул, укукка, укуктук кубулуштарга жана мамлекетке болгон адамдардын терс мамилеси. Башкача айтканда, мамлекетке эч кандай ишенимдин жоктугу. Булар төмөнкү учурлар менен аныкталат:

1) Мыйзамдарга, мыйзам алдындагы актыларга жарандар тарабынан сыйлабаган мамиле жасалуусу. Мындай абал, укук нормасынын ишке ашпай калуусуна алып келген көрүнүш. Мамлекетте укук бузуулар көп учурап, агрессивдүү жарандар арбыйт.

2) Мамлекетте болуп жаткан укуктук кубулуштарга, жаныlыктарга жарандар тарабынан кош көңүл мамиле жасалуусу. Мисалы: конституция кабыл алуудагы референдумга, жогорку бийликке шайлоодо пассивдүү катышуу.

3) Мамлекетке, конкреттүү мамлекеттик органга жарандар тарбынан ишенбөөчүлүк мамиле жасалуусу. Мисалы: жаңы президенттин иштөөсүнө, жалпы соттордун адилеттүүлүгүнө,милициянын тартип сактоосуна ишенбеген абал.

4) Коомдук тартипке, эртеңки укуктук тартипке ишенбөө. Мисалы: жарандар революциядан, бийлик алмашуусунан коркуп, кайсы бир укуктук иш аракеттерди жасабай коюусу (келишим түзбөөсү, ишкердик жасабай туруу ж.б.).

Юридикалык кагылышууларр пайда болуу себептери объективдүү (сырткы чөйрө менен байланышкан) жана субъективдүү (адамдан түздөн-түз көз каранды болгон) мүнөзгө ээ.

Бул классификацияга таянып, ар бирине токтолуп өтсөк. Алардын ичинен *объективдүү себептери төмөнкүлөр:*

1) Коомдук мамилелердин динамикалык өнүгүүсүнүн натыйжасында өзгөрүп турушу. Убакыттын өтүүсү, каалайбызбы жокпу, сөзсүз өзгөрүүгө алып келет. Ал өзгөрүүгө коомдук мамилелер дагы дуушар болот. Мамлекет коомдук мамилени жөнгө салууда, мыйзамдарды кабыл алууда учурдагы жагдайларга таянат, келечектин мыйзамын кабыл албайт. Андыктан мезгил өтүүсү менен ал мыйзамдар талапка жооп бере албай калат. Андан башка дагы бир учур коомдо чукул өзгөрүш болуусу мүмкүн. Мисалы, бир саясий режимдин алмашуусу. Мындай учурларда аракеттеги мыйзамдар талапка жооп бере албай калат, бул көрүнүштү постсоветтик мамлекеттер союздун кулашынын натыйжасында практикалык түрдө басып өткөнү анык. Техникалык прогресстин натыйжасында жаны коомдук мамилелер пайда болуп, бирок, аны жөнгө салган укуктук норма жок болуп калуусу мүмкүн. Мисалы: компьютер чөйрөсүндө укук бузуулар пайда болгондон кийин гана, ал укук бузууларга санкцияларды мыйзамдарга түшүрүп келишкен.

2) Тез арада чечүүнү талап кылган укуктук кырдаалдын түзүлүшү. Мурдагы мыйзамдарда каралбаган укуктук жөнгө салуну талап кылган коомдук мамилелер пайда болушу мүмкүн, мисалы, мамлекеттик төнкөрүш (революция). Албетте, революция биринчи кезекте мамлекеттин мыйзамдарын бузуу менен коштолот, ошол эле учурда жаныча кадамдарды талап кылат. Ал кадамдарды укуктук жактан камсыздоодо, буга чейинки күчүн жоготпогон укуктук нормаларга каршы келген укуктук актылар кабыл алынуусу мүмкүн. Мисалы: 1993-жылы 5-майда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык (27.06.2010-ж. чейин), президентти 5 жыл мөөнөткө жалпы эл шайламак. Бирок, 2010-ж. июндагы референдумда президентибизди түшүнүксүз мөөнөткө калтырганбыз, бул көрүнүштүн өзүн коллизия десек болот [4]. Мындай кубулушту, укуктук демогогия дегенден башка аргабыз жок. Президентти ошол күнгө чейин аракеттенген конституцияга жана мыйзамдарга ылайык 5 жыл мөөнөткө же жаңы кабыл алынган конституцияга ылайык 4 жыл мөөнөткө шайлообуз керек болуучу. Жогорку кырдаалдарда чечим кабыл алууда

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



азыркы бийлик алсыз жана демогог экенин көрсөттү.

3) Жалпы коомдогу укуктук аң-сезимдин жана укуктук маданияттын төмөн болуусу. Коомдогу элдин жашоо денгээли кандай болсо, ага ылайык баардык шарттар түзүлөт. Мамлекетте элдин укуктук аң сезими төмөн болуп, укуктук кубулуштарга (шайлоо, референдум, реформа ж.б.) терең түшүнө албаса, бийликтен жоогрку денгээлдеги чечимдерди талап кыла албайт. Тескерисинче жарандар өздөрү мамлекеттик кызматкерлердин ыйгарым укуугунан аша чабышына шарттарды түзүп бериши мүмкүн. Жарандар өздөрү мыйзамдарга кош көңүл мамиле жасашып, пассивтүү укуктук жүрүм турумда болушса, бийликке дагы укуктук аң-сезими төмөн адамдар бараары турган иш. Албетте жоопкерчиликсиз мамиледен улам коллизиянын субъективдүү шарттары жаралат.

Объективдүү себептерге укук менен жөнгө салынган коомдук мамилелердин карама-каршылыктуулугу, өнүгүп жана өзгөрүп туруусу кирет. Укуктун эскилиги да («артта калуусу», «консервативдүүлүгү») мында орчундуу роль ойнойт, анын айынан реалдуу турмуштун агымына көбүнчө жетишпей калат. Анда мамлекет тараптан реакция талап кылган ар кандай кырдаалдар пайда боло берет. Укук ушул себептен дайыма коррекцияланып, жаңы шарттарга дал келтирилип турат. Дегеле каалаган укук, башка бардык көрүнүштөр сыяктуу эле, өзүнүн өнүгүүсүн камсыздаган ички карама-каршылыктарды камтыйт.

Натыйжада кээ бир нормалар четке чыгып, айрымдары пайда болот, бирок, жаңы чыккандар мурункуларды дайыма эле жокко чыгара бербейт, а алар менен катар иштейт. Андан сырткары, коомдук мамилелер бирдей болбойт, алардын ар кандай түрлөрү ар кандай методдорду колдонуу менен дифференцияланган жөнгө салууну талап кылат. Андан да алар өздөрүн жөнгө салган мыйзамдарга караганда бир кыйла динамикалуу.

Укуктук жана укуктук эмес чөйрөлөрдүн ортосундагы чектин дал келбеши жана жылып турушу, анын кеңейиши жана тарышы да таасир тийгизет. Жалпысынан, бир мамлекеттин укугу эл аралык стандарттарга, адеп-ахлактык-гуманисттик критерийлерге, демократиянын принциптерине дал келүүгө тийиш. Жана албетте, реалдуу турмуштун өзү да карама-каршылыктуу экендигин эске алуу керек.

Укуктук актылардын нормаларында каралаган ишке ашыруудагы конфликттерди жалаң гана терс көрүнүш катары баалабастан, бир учурда юридикалык карама-каршылыктаргаоң баа берүгө болот. Чындыгында, ал нормалдуу өнүгү процессин күбөлөндүрөт же болбосо мыйзамдардын жаңы укуктук абалга тартылуусуна шарт түзүп берет. Диалектиканын жобосу бар:карама-каршылык өнүгүүгө алып келет деген, бул эрежени эч ким четке какпаган. Аларды чечүү максатында ар кандай изденүүлөр, иш-аракеттер жасалып, коомдо алдыга жылуу болот.

**Адабияттар:**


1. Абдулова В.Ф. Юридическое образование и наука. - 2007. - №1. 19-24-бб.
2. Борубашев Б.И. Галиева З.И. История государства и права КР. Курс лекций-Б., 2003.
3. Большой юридический словарь. // Под ред. А.Я. Сухарева, В.Д. Зорькина В.Е. Крутских. - М., 1997.
4. Матузов Н.И., Малько А.В. Теория государства и права (курс лекций) / 2-е изд., перераб. и доп. - М., 2001.
5. Якушев А.В. Теория государства и права. / Конспект лекций. - М.: А Приор, 2009. - 192 с.
6. Общая теория права: Учебник для юридических вузов. / Под общей ред. А.С. Пиголкина. - 2-е изд., испр. и доп. -М. Изд-во МГТУ им. Н.Э. Баумана, 2010. - 384 с.
7. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 27.06.2010-ж. жалпы элдик референдумда кабыл алынган (акыркы ред. 28.12.2016).
8. «Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. 2-б. 1-п.-Б., 27.06.2010.
9. «Кыргыз Республикасындагы референдум жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы. -Б., 18.09.2007. - №159.
10. Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси. - Б., 02.02. 2017. - №19. (акыркы ред. 03.04.2020. №34).
11. Кыргыз Республикасынын «Жоруктар жөнүндө» кодекси. Б., 01.02.2017. - №18 (акыркы ред. 03.04.2020. №34).
12. «Кыргыз Республикасындагы нормативдик-укуктук актылар жөнүндө» КР мыйзамы. - Б., 20.07.2009. - №241. (акыркы ред. 03.04.2020 №33).
13. Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодекси. 157-бер. - Б., 25.01.2017. №146 (акыркы ред. 17.05.2019 №63).